# КЫЗ-АРТ БЕЛИНЕ ЧЫГЫП ЖУМГАЛДЫ АЙЛАНТА КУРЧАП ТУРГАН БИЙИК АСКАЛАРДЫН УЧТАРЫН КӨРҮП АБА МЕЙКИНДИГИНЕ КӨЗ САЛЫП ТУРУП ЖАЗЫЛГАН ЭЛДИК ЛЕГЕНДАЛАР, ДАСТАНДАР…

Жумгал жеринде эл ичинде айтылып жүргөн, жердин аттарына коюлган легендалар, дастандар бар. Алар менен азыркы муундар тааныш эмес. Билгиси да келбейт. Убакыттары жетишпейт.

Алар:1. Кыз-Арт бели. Кочкор району менен ЖУМГАЛ районунун кесилишкен жери. Эмне үчүн ал бийик белге Кыз-Арт деп ат коюлган.

2. Оймоктой жерден орун алган, жер-жемиштүү Кара-Күнгөй.

3. Миң-Куш жериндеги Ак-Улак жайыты.

4. Жүз жылдар бою мекендеген Миң-Куштардын ордосу… (Азыр бул жерде Миң-Куш шаары турат.

5. Керемет дары чөп – жайытын мекендеген кеңирсиген жайлоо – Сонун-Көл.

6. Боржом суусу боркулдап асканын түбүнөн чыккан дары суулар капчыгайдын этек жагынан эленип, артезиан суусу болуп, элдин бактысын ачкан – ЭМЕЛ суусу.

7. Кызыл көк  шамалдан, жаан-чачындан кетилип түшүп, улам чогулуп отуруп кайберендин жатагына, бороон – кардан сактоочу бийик жарга айланган, кол жеткис эмес, ой жеткис бийик мунара тоого айланган Шөкүлө тоосуна барасың. Бул Соң-Көл жайлоосунун күн батыш жагында тургандыктан Турнабай дүрбү салып, МАНАСТЫН 40чоролору бул бийиктикке чыккан жер!

## ЖОЛДО

Жумгалыма бара жаткан жолдомун,

Жумуру ойлор мени ойлонтот

Көз жетпеген бийиктикке чыксам дейм,

Көрүп учун, айылымдын болгонун…

Опурталдуу ойку-кайкы көрүнгөн

Отуз жылдай көрбөй калган жолдорду…

*****

Туш тарабы, бийик тоолор курчалган

Турна учкандай, туш тарабы суйсалган…

Айыл жатат эч нерседен капарсыз,

Ай-ааламдын абасына чулганган…

Аңкыштаган суур чыкса алдыңдан

Апей- ботом, кайдан келди бул ?- деп,

Арыктагы суудан жутат, кумсаңдап…

Белге чыгып жан-жагымды карасам,

Бетеге чөп баскан изди талашат …

Бир короонун малын айдап кыркыга

Жайдын күнү эрте туруп таңата,

Келген балдар курсактарын кампайтып,

Бирден кармап ак койлорду жетелеп

Милдет күчөп, эл кыркынга баратат.

Көпкө отуруп , мейкиндикти карасам,

Көктө калкыйт эки бүркүт жанаша…

Учуп келип алыс жерден экөө тең,

Мемиреген ысык күндө таң ата,

Алмак-салмак бир-бирине ыргытат,

Колундагы кочкор мүйүз текени,

Бышкан коондой , былкылдаган чаначы…

Көпкө турдум, көз ирмебей колду чаап,

Алар кылган асмандагы тамаша,

Бир кылымга унутулбай калды окшойт

Биз байкаган бүркүттөрдүн чамасы…

Сол жагымды дүрбү салып карасам,

Каз өрдөктөр кайкып учуп баратат.

Көл ичинде көк балыктар туйлашып ,

Көк иримге боюн таштайт карачы!

Көргөн ишке көзүм тойду суктанып,

Бактылуу элим, байыткан бы санаасын?..

## КЫЗАРТ

Түшкө жакын келдик Кыз-Арт жерине,

Кайдан чыкты, айтылган сөз элимден?!

Мурда бул жол – жалгыз аяк жол экен,

Аталарым атка минип теминген…

Кочкор менен алыш-бериш жазап,

Кетишчү экен, кайра өзүнүн элине…

Ошол жылы оттой ысык жайында,

Көк шайыдан көйнөк кийип жаңыдан…
Кыжымынан кемсел тигип жамынган,
Кырк кыз болчу, кырка минген аттарын,
Таанышсак деп өзү теңдүү кыздарга,
Боз үй тиккен боордоштор айлынан…
Күн жаркырап тийип турган маалында,
Аттансак деп ушул барган айылга,
Тизгиндепин какпай жорго салдырып,
Келе жаткан кетирейген жаш кыздар,
Токтоп калды аккан суунун боюна
Ысык экен бети-башты жууналы,
Деген сезим келди, алардын оюна

Тез-тез өтүп убакыттар зымырап,
Тоодон ылдый муздак шамал дыбырап.
Жайкы күндүн жайнамасы бузулду,
Жаркыраган аалам бети жабылып.
Жеңил желпи кийинишкен жаш кыздар,
Ичикий деп бир бирине кобурап…
Бир кишидей кучакташып турушат,
Ата-эненин калбайлы деп каарына.
Жааган жамгыр тоодон ылдый агылды,
Бороон боздоп боз топурак жаманды.
Кыйма белде, кыргын-сүргүн болушуп,
Жеңил желпи кийинишкен жаш кыздар,
Табигаттын кырсыгына кабылды…

Кулагына кумдай сиңген баарына,

Кыздар жаткан боз топурак жанында,

Издеп жүрүп балдарынын издерин,

Кырк топонун үймөктөрү таанылган…

Куур тончон кыздын үнү угулат,

Эчен кылым өтсө дагы барына…

Эне-атанын эрксиз жазы куюлуп,

Эстеликти коюшпайт деп эмгиче,

Эл журтуна эне-атасы  таарынган…

Үн турса да бизге чейин угулуп,

Эчен кылым өтсө дагы барына,

Ушу кызча бизде намыс жок экен,

Жалгыз калган ошол кыздын баарынан!,

Татынакай теңтуштарын сагынган…

## КАРА-КҮНГӨЙ

Кең Жумгалдын эң аяккы четинде,

Калдайган тоо, Кара-Күнгөй эсимде.

Бала кезде атам менен бир барып,

Жүргөн жерим калды азыр да сезимде.

Суусу шекер, жер-жемиши бал татып,

Кара-Күнгөй турган жердин өзүңдө…

Жан-жаныбар базар кылып алгансып,
Булбул сайрайт, буюк ташка бекинген …
Чакчыгайлар бири-бирин кубалап,
Соода кылган соодагердей эсирген,
Карт-курт эткен камандардын үндөрү,
Атакемдин айткан сөзү эсимде,
Калба ал жерге, чыгып кеткин тезинен!,
Эне-атамдын айткан сөзү эсимде…
Араласак ата бактын арасын,
Аюлардын жаткан жерин табасың!..

Жан жаныбар жайма базар кургансып,
Чакчыгайлар учуп конуп безилдеп,
Соода сатык кылган жандай эсирген.
Дыйкан жүрөт, колун шилтеп бакырып,
Жесеңерчи жерге түшкөн жемиштен,
Бактан үзбөй, жашсыңар да тезинен…
Мен кайтарып ушул турган бакчаны,
Кыркка чыккан жашка келген кезимен.
Деген менен ак ниеттүү адамдын,
Айткан сөзү дайын турат эсимде…

Кара-Күнгөй  кара жердин ысыгы,
Дарбыз сепкил, коон айда аты улук!
Токоюна өрүк сепкин сеңселтип,
Жазгы күндөй гүлдөр чыксын чачырап,
Кызыл дандуу чиелерди жей албай,

Учкан куштар бутагына асылып…

Пияз тиккин, сабиз тиккин сапсары,

Күнгө карай өсүп турсун чатырап…

Чиелердин бир бутагын тере албай,

Дыйкан байкуш күндөгүдөй бакырып,

Жүрсө дагы жазгыз ушул бакчада,

Айткан сөзү, бизге керек акылы…

## МИҢ КУШ

Кара-Күнгөй Жумгалдын оң жагында,

Сол жагында ЖУМГАЛ суусу агылган,

Өрдөп барсаң бийик тоонун этегин,

Миң-Куш жатат - Европага таанылган…

Уран чыгат Кара-Асканын түбүнөн,

Көмүр чыгат,  Кара-Кече жагынан…

Атыр чыккан абасы мол Соң-Көлдө,

Ар жыл сайын элдин малы багылган…

Миң-Куш шаары төрдө жатат чалайып,

Тоолор ылдый суулар агат шалкайып …

Жерден өскөн касиеттүү калааны,

Бийик тоолор тосуп турат калкалап.

Эмне өстүрөт Миң-Куш жери аскадан

Эч ким билбейт кылган ишин чар тарап.

Аска түбүн оюп жүргөн жигиттер,

Үч сменде жумуш иштеп акча таап…

## АК-УЛАК

Сол жагында жердин аты – Ак-Улак,
Өмүр берген, жашоо берген баарына…
Чөбү өсүмдүү, жашыл өрөөн суулары,
Туйлап агат, ушул өрөөн жанынан…

Ак улактын аярдыгы башкача,
Алым сабак айтып , сөзүн жазбаса,
Агып келген башка тоодон кайберен,
Ак улаксыз чөп оттобойт таптаза…

Ал анткени мылтыктарын колго алып,
Мергенчилер тоодо жүрөт такмаза,
Ошол үчүн жердин аты Ак-Улак ,
Бул аймакта бүт кайберен жайылат.
Келе жаткан мергенчилер мылтыктан,
Бекер эле атуу үчүн камынат.
Ак-Улакты көрүп калган Аскадан,.
Кокуй- кой деп үйүн көздөй камынат.
Ал анткени Ак улактын тарыхын,
Уккуң келсе дагы айтам жаңылап…

Алла таала берген үчүн касиет,
Кайберендер ушул жакка жайылат.

Октоп койгон мылтыктарын аталбай,

Өчкөн шамдай оозу түтөп жабылат…

Алла берсе керек жардамды,

Ошон үчүн ойноп жүрөт ак улак!..

Ак улакты атам деген бир наадан,

Өлүп калган, Аска бети жабылып…

Жалгыз калган анын Ажар энеси,

Жашап жүрөт өмүр бою заруулап…

Менден акыл сурабаса кулунум,

Кантмек элем кылган ишке тагдырга,

Шүгүр кылам мен кудайга жалынып…

## СОҢ-КӨЛ

Миң-Куштан өйдө чыксаң Соң-Көл жатат,

Тоолордун жашыл түрү көңүлдү ачат.

Көңүлүң эргип чыгат бул тынчтыкта,

Жүрөктөн орун алган ойду жашап…

Кылаанын шорп-шурп эткен эткен добушунан

Кылымдын кумга сиңген көркү жатат…

Кош Соң-Көл сени экинчи көрбөсөм да,

Айтууга сөөлөтүңдү ырлар жазып.

Жаныңда жашап жүрөт койчу малчы,

Текшерсе ден-соолугу бизден таза,

Бууданды күндө суутуп  минип турган,

Бээлерин саап турган, кымыз жасап,

Конокко коюн союп турса жашап.

Жер барбы теңештирер бул Даванга,
Суктанткан сулуулугуң көргөн жанды.
Кекилик, чили жүрөт  жол боюнда,
Көрсө да качпайт алыс ал адамдан …
Улары семиз койдой майпаңдашып,
Учууга даяр турат андан улам.
Чулдугу, өрдөк, казы чурулдашып,
Коноктор келсе экен деп күтүп турат,
Соң-Көлүм сендей жерди кайдан табам?!

**ШӨКҮЛӨ…**

Соң-Көлдүн эң аяккы четиндеги,
Кум белге бир аз калдык, эсиндеби?
Асманга керип турган көкүрөгүн,
Алыстан сен көрөсүң Шөкүлөнү!..
Ажайып дары чөптөр өсүп турган,
Кайберен оттоп жүргөн секидеги,
Көк-санке кызыл таштар үйүлүшкөн,
Шамалдан кулап түшкөн Шөкүлөдөн.
Алыстан менменсиген куштар келет,
Шарактап таштап ташка секиргени,
Улары, көгүчкөнү көнгөн жерде,
Көз эмес дүрбү салып көрсөң болот,

Короодо баккан тоокко таасир берген…

А бирок мындай жерге же албайсың,
Анткени «Шөкүлө»- деп атын койгон,
Аталар билет тура ушул жайды.
Шагыл таш менен өскөн Шөкүлөнү,
Бир гана жаратканым белсе керек,
Бир да адам чыгалбаптып ушул жайга…
Канетсин бороон уруп турса демек,
Бир гана чек араны сакташ үчүн,
Манастын жоокерлери чыккан дешет…

Ошол үчүн Шөкүлө бизге кымбат,
Кыргызым Шөкүлөнү сактап турат
Эсте калган байыркы эстеликтей,
Көргөн сайын жүрөккө берет кубат.
Чындыкка чыйыр салган Манас баатыр,
Элиңе эмгек кылган сага ыракмат!